КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАЙЗАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ
ӨКМӨТҮНҮН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАЙЗАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# БАЙЗАК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН КЕЗЕКТҮҮ БИРИНЧИ СЕССИЯСЫНЫН
## № 1/1 ТОКТОМУ

**Байзак айылы** **« 19» май 2023-жыл.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023 жылдын 4 апрелиндеги ПЖ №87 айыл аймактарындагы денгээлинде пилоттук режимде административдик – аймактык реформанын жүрүшүндө бириктирилген айыл аймактарынын айылдык кенештеринин ишин натыйжалуу уюштуруу максатында бириктирилген Байзак Баш-Кууганды айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кошмо жыйынында Байзак айылдык кенешинин төрагасын шайлоо жөнүндө.**

Байзак айыл аймагынын айылдык кенешинин төрагасын шайлоо жөнүндөгү бириктирилген аймактардын депутаттарынын шайлоо комиссиясынын кезектүү биринчи сессиясынын № 1 протоколунун негизинде Байзак айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Шайлоонун жыйынтыгы менен Ажыгулов Асылбек Калыбекович Байзак айылдык кенешинин шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколунун негизинде 17 добуш алгандыгы белгиленсин.

2. Шайлоо мыйзам чегинде ачык, айкын өттү деп табылсын.

3. Көпчүлүк добуштун негизинде Ажыгулов Асылбек Калыбекович Байзак айылдык кенешинин төрагасы болуп шайлансын.

4. Бул токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп, www.gagsmsu.kg. сайтына жарыялансын жана Кыргы Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик Реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы Байзак айыл аймагынын айылдык кенешинин жооптуу катчысы Кадырбаев Руслан Жумагуловичке милдеттендирилсин.

Байзак айылдык кенешинин депутаты
сессияга төрагалык кылуучу Ү.Узакова.

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>БАЙЗАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ<br>ӨКМӨТҮНҮН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЙЗАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

---

# БАЙЗАК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН КЕЗЕКТҮҮ БИРИНЧИ СЕССИЯСЫНЫН
## № 1/2 ТОКТОМУ

**Байзак айылы**

**« 19» май 2023-жыл.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023 жылдын 4 апрелиндеги ПЖ №87 айыл аймактарындагы деңгээлинде пилоттук режимде административдик – аймактык реформанын жүрүшүндө бириктирилген айыл аймактарынын айылдык кенештеринин ишин натыйжалуу уюштуруу максатында бириктирилген Байзак Баш-Кууганды айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кошмо жыйынында Байзак айылдык кенешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндө.**

Байзак айыл аймагынын айылдык кенешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндөгү бириктирилген аймактардын депутаттарынын шайлоо комиссиясынын кезектүү биринчи сессиясынын № 1 протоколунун негизинде Байзак айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Шайлоонун жыйынтыгы менен Айткулов Улук Байзак айылдык кенешинин шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколунун негизинде 14 добуш алгандыгы белгиленсин.

2. Шайлоо мыйзам чегинде ачык, айкын өттү деп табылсын.

3. Көпчүлүк добуштун негизинде Айткулов Улук Байзак айылдык кенешинин төрагасынын орун басары болуп шайлансын.

4. Бул токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп, www.gagsmsu.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик Реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы Байзак айыл аймагынын айылдык кенешинин жоопту катчысы Кадырбаев Руслан Жумагуловичке милдеттендирилсин.

Байзак айыл аймагынын
айылдык кенешинин төрагасы А.К.Ажыгулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**БАЙЗАК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

# ТОКТОМ

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги 3-сессиясы**

2023-жылдын 31-июлу № 3/1

**“Байзак айыл аймагынын айылдык кеңеши”**
**мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023 жылдын 3-апрелиндеги ПЖ №87 айыл аймактарындагы денгээлинде пилоттук режимде административдик –аймактык реформа жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлуп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө токтомун Кыргыз республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамдарын, Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлуктордү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндо Жобону ж.б тиешелүү мыйзам актыларын жетекчилике алып, токтом кылам:

1. Байзак жана Баш-Кууганды айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен Байзак айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп түзүлсүн.

   **Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
   -Мамлекеттик тилде: “Байзак айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси;
   -Расмий тилде: Учреждение “ Айылный кеңеш Байзакского айылного аймака”
   **Кыскартылган фирмалык аталышы:**
   -Мамлекеттик тилде: “Байзак айыл аймагынын айылдык кеңеши” м-и
   -Расмий тилде: У-е “Айылный кенеш Байзакского айылного аймака”

2. Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жобосу бекитилсин.
3. Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешини юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Жумгал району, Байзак айылы, Н.Карыбеков көчөсү №41 болуп аныкталсын.
4. Юридикалык жактын уюштуруучусу-жергиликтүү кеңештин депутаттары.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мызамдарына ылайык Кыргыз республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн. Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

Байзак айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы А.К.Ажыгулов